# КЫРГЫЗ ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ – КЫРГЫЗ ЭТНОПЕДАГОГИКАСЫНЫН НЕГИЗИ

**КЕМЕЛОВА А.**

*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК.370**

Доордун өтүшү менен муундан муунга карай кыргыз эли салт-санаасы менен тарбия күчүн сактап, караңгы жашоонун жолун бууп, жарык издей башташканын тарыхый булактардан кездештирүүгө болот. Улуу Жибек Жолу аркылуу өткөн соодагерлер жергиликтүү калк менен сода-сатык иштерин гана жүргүзбөстөн , андан башка да тажрыйба алмашылып, оозеки пикир алышуунун негизинде маданияттын алгачкы формасы өнүгүп, андан ары жүрүп отуруп, илим-билимге умтулуу болгон. Демек, доордун талабы менен оозеки кеп аркылуу байланыш өнүгүп, өзүнүн таалим –тарбиялык маанисин да өөрчүтө берген.

Профессор Т.С Маразыков өздөштүрүү, кабыл алууда угуу процессинин өзгөчө мааниге ээ экендигин, угуу процессинин өзү бир нече татаал процесстерди камтый тургандыгын белгилеп, мындайча тыянак чыгарат:

«Буга чейинки бай факт-материалдарга караганда кылдат иликтеп, терең анализдеп, угуу адамды адам кылып жарата турган күчкө ээ экендигин кыргыздар мурда эле таанып билишкен жана угууга чоң 1жет беришкен».[1.64]

Эгерде В.Г. Белинскийдин сөзү менен айтсак: «бала канчалык жаш болсо, 1жет адептүү жорук-жоосунга үйрөтүү ошончолук жеңил болот. Жакшы сапаттарга таянуу менен, баланы асыл сезимдерге, шыкка жана жакшы адаттарга окутуу эмес, көнүктүрүү зарыл».

Дал ошол биз сөз кылып жаткан элдик тарбия кыргыз элинде элдик педагогика катары изилденип келүүдө. Ал эми «элдик педагогика— элдик оозеки чыгармачылыкта, үрп-адат, каада-салттарда, оюн жана оюнчуктарда сакталган педагогикалык идеяларынын жана тарбиялык тажрыйбаларынын тутуму», тарбия жаатындагы элдик эмпирикалык билимдер», «оозеки педагогикалык чыгармачылыж» (Волков Г. Н.), «Окутуу, тарбиялоонун максаты, милдеттерин, каражаттарын, көндүм, ыкмаларын өз ичине камтыган элдик эмпирикалык билимдердин тутуму» (Ханбиков Я.И.), «Эл массаларынын тарбия жаатындагы көз караштарынын, үрп-адат, каада-салттарынын жыйындысы. Анын объектиси бардык жыныстагы, бардык жаш куракагы адамдардын инсаны» (Гашимов А. Ш.), «Эл массаларынын тарбия жаатындагы көз караштарынын тажрыйбаларынан улам жаралып, практикада текшерилип, тастыкталып, муундан муунга оозеки өтүп келген эмпирикалык билим, көндүм, ыкмалардын тутуму» (Измайлов А. Э.). Келтирилген мисалдар таасын көрсөтүп тургандай, окумуштуулардын ойлорунда олуттуу айрымачылыктар деле жок, тескерисинче, алардын пикирлериндеги кээ бир өзгөчөлүктөр элдик педагогиканын маңызын ар тараптуу түшүнүүгө жардам берет. [2]

Демек, элдик педагогика тарбиялоо, билим берүү жаатындагы акыл-ойлордун, ишеним-идеалдардын гана уюткусу эмес, ал баарыдан мурда, ошол идеалдарды калыптандырууга багытталган элдин практикалык педагогикалык иш-аракеттерин өз ичине камтыган өзгөчө феномен. Жогорудагы көрүнүктүү окумуштуу-этнопедагогдордун пикирлерине жана кошумча далилдерге таянуу менен элдик педагогикага төмөнкүдөй жалпылама аныктама берүү ылайык.

Элдик педагогика — 1жет улут улут болуп калыптанганга чейин эле узак мөөнөт жашап, белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын, элдин керектөөлөрүнүн негизинде өнүгүп-өркүндөп, адамды ишенимдердин, ыймандык нарк дөөлөттөрдүн духунда тарбиялоого багытталган билимдердин жана практикалык эмпирикалык муундан-муунга мурасталган идеялардын, ишенимдердин, иш-аракеттеридин бөтөнчө тутуму.

Ушул эле жерден этнопедагогика илиминин жаралышы дал ушул мыйзам ченемдүүлүктөр менен түшүндүрүлөт. Азыркы илимде аталган терминге карата Г. Н. Волков тарабынан берилген аныктама туруктуу деп кабыл алынган.

Ушул эле термине катарлаш кыргыз элинде этнопедагогика деген түшүнүк бар.

Этнопедагогика – 2жет өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоо боюнча калайык-калктын тажрыйбасы, анын педагогикалык көз караштары, турмуш-тиричиликтин, үй-бүлөнүн, уруктун уруунун жана элдин педагогикасы жөнүндөгү илим» [3.66].

Этнопедагогика — «этнос» жана «педагогика» деген илимий терминдердин курамынан турат. «Этнос»-урук, урук, эл улут деген түшүнүктөрдү жалпы туюнтуучу илимий термин. Демек, этнопедагогика термини элдердин, урук, уруулардын, улуттардын педагогикалык билимдери менен тажрыйбаларын жалпылоочу илим ка-тары 2жет негизделген.

Г. Н. Волков «элдик педагогика» жана «этнопедагогика» ортосундагы чекти ачык жана так ажыраткан. Элдик педагогика элдин таалим-тарбия идеяларын, тажрыйбаларын мүнөздөөгө карата айтылса, ал эми этнопедагогика теориялык ой жүгүртүүлөрдүн, илимдин чөйрөсү.

Элестүү айтсак, эгер элдик педагогика жана этнопедагогика аттуу хрестоматиялык жыйнак түзүлө турган болсо, анын биринчисинде элдик педагогикалык мазмундагы оозеки чыгармалар, үрп-адат, каада-салттардын кыскача баяндамалары орун алмак, ал эми экинчиси ошол тарбиялык салттарды, орошон ойлорду илимий талдоого алган эмгектерден турмак.

Демек, этнопедагогиканын өзөгү кыргыз маданиятынын өзүндө. Ошондуктан «Ааламга жол айылдан башталат» дегендей этнопедагогиканын түпкү 2жет-мазмунун түшүнүү үчүн фольклорду өздөштүрүү, ал тургай билүү зарыл. Жомок, макал-лакап, учкул сөз, фразеологизмдер, табышмак, жаңылмач, калптар, музыка, ырлар, бий, КВН, азыркы учурда театр, классикалык кино, жашоо турмуштун үч чагында (өткөн, учур, келээр) зарыл болуп турган курал, каражат, жан дүйнөгө гүл азык.

Элдик тарбия орхон-енесай тексттеринде дагы сакталган. Мисалы, Барспекке арналган эстеликте: «Он ай которгон эле энем… элиме мени тууп берген эле энем» деп жазылат. Демек, 2жет жерде, жакшылап байкасак, эне уул баланы жөн эле тогуз ай көтөргөн эмес, жалпы тууган 2жет22, калайык журтуна төрөп берет. Арстанбектин: «Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң» дегени жана улуу акын Жеңижоктун:

Тогуз болгун жылдыздын,
Туйгуну болгун кыргыздын.
Жетиси болгун жылдыздын,
Жетиги болгун кыгыздын.
Учу болгун кылычтын,
Учкуну болгун кыргыздын.
Сабы болгун кылычтын,

Сазы болгун кыргыздын [4] – деген ыр саптары дагы бир гана көксөөнүн негизинде, тагыраак айтканда, баланы кыргыздын уулу кылып тарбиялоого багытталган.

Демек, жаңыдан өнүгүп келе жаткан этнопедагогика илимин жиликтеп ар тараптан дагы бир жолу терең карап чыгуу зарыл. Болбосо кыргыз элинин накта философиялык таалим – тарбиясын жокко чыгарып, элди кандайдыр бир үчүнчү күч башкарып калуусу мүмкүн. Улуу нерселерди адамдын акылы башкарат деп келишет. Азыркы глобализациянын аркасы менен көптөгөн адамдар акылды башкарса болот деп ага тескери ойду айтышат. Айырмачылыгы акылды өзү эмес, өзгө башкарат имиш. Дал ошол өзгөнүн капканына түшүп калбаштын жолу, тээ илгертеден муундан муунга сактап келген ата – бабанын педагогикасы…

Мисалы, кыргыз элинин фольклору образдуу көркөм, таамай айтылган макал-лакаптарга бай. Алар эл акылын жана бүтүндөй бир улуттун басып өткөн жолун камтыган.

Макал-лакаптар элдик поэзиянын океаны жана акыл-наасаты, мурасы десек болот. Г. Волков «макал-лакаптарды» жети формада берет:

1) 3жет33тар-логикалык ишенбөөчүлүктү жана каршылыкты жокко чыгарат;

2) образдуу поэтикалык миниатюра, так жана бир калыпта чечилет;

3) тике маанидеги акыл-насаат;

4) кыйыр айтылган акыл-насаат;

5) жашоо тиричиликтеги каалоо-кеңештер;

6) конкреттүү аракетке даяр оперативдүү 3жет33тарий берүү, ага макулдук жана баа берүү;

7) адамдык мүнөздөмө берүү; [5.11]

«Мүмкүн, - деп жазат Ч. Айтматов – элдин тили аркылуу өнүккөн чыгармачылыктын бир дагы формасында адам акылы макалдардагыдай күчтүү, көп кырдуу көрүнбөсө керек., анын улуттук тарыхы, коомдук түзүлүшү, турмуш тиричилиги, дүйнөгө көз карашы кристалл сымал өзгөчөлөнүп турбаса керек» [6].

Макал жана ылакаптарда элдин жаштарды адеп-ахлактык тарбиялоого, жекече алганда эмгекчилдикке, коллективдүүлүккө, кайраттуулукка, улууларга урмат менен мамиле кылууга багыттоочу педагогикалык көз караштары топтолгон.

Көптөгөн макалдар жана ылакаптар адеп-ахлактуулуктун элдик педагогикалык принциптерин туюнтат. Академик А. А. Измайлов белгилегендей 590 кыргыз макалдары менен ылакаптарын талдаганда анын 410у адеп-ахлактык – сабак болоорлук мааниде экенин көрсөткөн. Буларда элдин эмгекчилдик («Бекерпоз үч үйдүн ашын аңдыса, иштерман беш адамды багат»), Мекенди сүйүү («Башка жерде султан болгончо, өз жеринде ултан бол»), жакшылык («Жаман айтпай жакшы жок»), акыл («Акылсыздын кырк бир сөзү акылдуунун бир сөзүнө татыбайт»), акыйкаттык («Бирөөнүкүн алба кокусунан бирөө карап турбасын»), ар дайым жардам берүүгө даяр 3жет («Аксакалга жол бошот, кедейге колуңдан келген жардамыңды бергин»), меймандостук («Душманың мейман болуп келсе- өзүңдүн кайгыңды да. Каарыңды да унут, анткени ал сенин коногуң») өңдүү белгилерге болгон ызаттоо мамилеси чагылдырылган. Эл сараңдык («Кесип алсаң да 3жет чыкпайт»), калпычылык («Калпычынын үйүнө өкүрүп түшсөң да, энесинин өлгөнүнө ишенбейт»), чолок акылдык («Күндө көргөн адамдын баркын билбейбиз»), акылсыздык («Акылдуу менен мелдешкен акмакка муштумдан артык далил жок») өңдүү терс сапаттарды кечирген эмес.

Педагогикалык элдик маданият кыйла деңгээлде элдик жомоктородо да топтолгон. Ар дайым эмгек даңкталып, жалкоолук айыпталып, инсандын асыл адеп-ахлактык сапаттары макталып ырдалып, дайыма акыл жана акыйкаттык жеңген жомоктордун тарбиялык мааниси баа жеткис.

Жомоктор элдин мүнөзүн, психологиясын, турмуштук позициясын туюнтат. Жомоктордо «окуялардын жүрүшүн тууралап туруучу» элдин кыялын ишке ашыруу орун алган. (Д. Писарьев)

«Байыртан эле, - деп белгилейт М. Горький,- элдер асманда учканды кыялданышкан,- 3жет жөнүндө бизге Фаэтон, Дедал жана анын уулу Икар тууралуу уламыштар ошондой эле «килем-самолёт» тууралуу жомок кабарлап турат. Адамдар жерде жүрүүнү тездетүү жөнүндө кыялданышып, «Тез жүрмө өтүк жөнүндө» жомок чыгарышкан, атка мингенди үйрөнүшкөн, дарыяда анын агымынан тез сүзүү жөнүндөгү каалоолору калак менен парусту ойлоп табууга түрткү болгон; душманын жана жырткычтарды алыстан өлтүрүүгө болгон умтуулуулары жааны жана жебени ойлоп табууга алып келген».

Жомоктор баладагы баалуу сапатты – чыгармачыл баамдоосун өнүктүрөт. Балдар жомок угуп, айтып берип жана өздөрү жомок ойлоп 3жет менен көп нерсени ойлонушат, баамдашат, ар дайым эмгекчилдик, адилеттик, акыйкатты жеңип чыгууга турмуштук жагдайлар менен өзөктөш байланышта келип чыгуучу образдарды түзүшөт.

Жаныбарлар жөнүндөгү кыргыз жомоктору көбүнчө притчаны, же тамсилди эске салат. Ал үчүн локанизм (пикирди кыскача айтуу), метафоралуулук, насыяттуулук мүнөздүү. Мисалы, «ач көз карга » аттуу жомокто, бир эле жумуртка тууган каргага анысы аз көрүнүп, карчыганын эки жумурткасын уурдап кетет. Карчыганын жумурткасынан чыккан эки балапан чоңоюп, адегенде карганын балапанын, андан кийин өзүн жейт. Жомоктун акырында эч качан аз көз болбоого, ач көздүк ар дайым өз башына тиерлиги жөнүндөгү жыйынтык чыгарылат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин жер каймактагандан бери муундан-муунга өткөрүп келе жаткан тарбиялык тажрыйбасы- этнопедагогиканын негизи.

**Адабияттар:**


1. Т.С. Маразыков «Текст таануу жана анын маселелери» «1-китеп», -2005.
2. Кыргыз педагогикасы. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. (энцикопедиялык окуу куралы), 2004.
3. Волков Г. Н. «Этнопедагогика», 1974.
4. Тынай уулу Эсенжан, «Тарбиянын максаты. Элдик тарбия» , Б., 2010.
5. «Тарых, маданият». Форум, «Кытайлык кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгы», 2008. 1.11
6. Интернет – Форум, 2011.